
# Мен чоңойгондо




Автор: Мишель Фрай

Сүрөтчү: Симон ван дер Спай

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Мен чоңойгондо

Автор: Мишель Фрай
Сүрөтчү: Симон ван дер Спай
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.


*I grow*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/). түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Мен чоңойгондо" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган,
автор Мишель Фрай, сүрөтчү Симон ван дер Спай, Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://bookdash.org/books/i-grow-simone-van-der-spuy-michele-fry-jennifer-jacobs/

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Келчи, досум, кеңешели –
Чоңойгондо ким болсок?
Баарын байкап, эске алып,
Бирге отуруп чечели.
Кандай кесип тандасак да,
Баркын жакшы билели.





Бийлегенди үйрөнө алсам,
Балерина боломун.
Ак куу болуп каалгый учкан,
Айдың-Көлгө кономун.






Өрт чыкса, тез барамын,
Баарын сактап каламын.
Эч нерседен коркпогон,
Өрт өчүргүч боломун.




Ветеринар болсомбу?
Мышык менен койлорго
Ийне сайып дарылап,
Айыктырып койсомбу?






Таң калтырып досторумду,
Өнөр жолун тандасам.
Жаңы ырларга обон жазып,
Болсом мыкты музыкант...



Механик болсом белгилүү,
Унааларды оңдоймун.
Техниканын сырын билип,
Кыйын уста боломун.






Балдарга тамга тааныткан,
Эсепти туура санаткан.
Мугалим эле болсомбу,
Билимди элге жайылткан?

Топту мыкты ойноймун,
Футболист эле болсомбу?
Чемпионатка гол тээп,
Намысыбызды коргоймун!



Айга барып консомбу,
Изилдеп аны көрсөмбү?
Ай-ааламдын сырын билген,
Космонавт болсомбу?








Дасторконду жайнатып,
Таттууларды бышырган,
Ашпозчу болом белгилүү,
Даамдуу тамак жасаган.





Мен жетилип, чоңойсом,
Бир кесипти тандаймын.
Талбай окуп, элиме
Өнөрүмдү арнаймын.

Сен чоңойгондо ким
болгуң келет?








USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Мишель Фрай

Сүрөтчү: Симон ван дер Спай

Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев



USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли